2008-423

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ТАРЫХ ИНСТИТУТУ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 07.06.333

**Кол жазма укугунда**
УДК: 397.7; 941.1 (575.2) (043.3)

ЖАЛИЕВА БЕГАЙЫМ САМИДИНОВНА

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЯН-АЛТАЙ ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕРИ МЕНЕН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ

**(материалдык маданияттын үлгүлөрүнүн негизинде)**

**Адистиктери: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**
**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек-2008

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Каратаев О.К.**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Джунушалиев Д.Д.**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент **Айдаркулов К.А.**

**Жетектөөчү мекеме:** Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин гуманитардык жана табийгый илимдер кафедрасы

Диссертация 2008-ж. "13" ноября саат 13⁰⁰ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун алдындагы (И.Арабаев атындагы КМУ – тең уюштуруучу) Тармактар аралык тарых илимдери боюнча кандидаттык (доктордук) диссертацияларды коргоочу Д. 07.06.333 адистештирилген Кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 "а".

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2008-ж. 13-октября таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Батырбаева Ш.Д.**



# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Саян-Алтайдын кеңири аймагы тарыхчылардын жана чыгыштануучулардын пикиринде Борбордук Азия менен бирдиктүү тарыхый-маданий кыртышка кирүү менен Борбор Азиялык цивилизациянын очогун түзөт. Бул аймактагы түрк-монгол тилдүү элдер тамыры тереңге кеткен жалпы тарыхый-маданий катмарда жашап келишкен. Маданий комплексиндеги мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрүнө ылайык Саян-Алтайдын түркий тилдүү элдерин (алтай, тува, хакас) жана бүгүнкү кыргыздарды жалпысынан «талаа» маданиятынын мураскорлору деп атоого болот. Бул элдер өздөрүнүн өнүгүү жолдорунда жалпы байыркы түрк тилдүү элдер массивинде жашашып, кеңири экономикалык, саясий, маданий байланыштарда болушканы анык. Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен кыргыздардын тарыхын, салттуу жашоо-турмушун, маданиятын иликтеп карап чыгууда айырмачылык, өзгөчөлүктөр менен катар эле бир топ жалпы тарыхый-этнографиялык белгилер да жолугат. Борбордук Азия, Түштүк Сибирь жана Казахстандан ачылган археологиялык эстеликтер бул аймактагы жашаган элдердин анык этникалык жана маданий өзгөчөлүктөрү менен бирге түзүлүшү боюнча бирдиктүү тарыхый процесстерди башынан өткөргөндүгүн далилдей алат. Ал эми бул процесстердин жалпылыгы ушул аймакты жердеген элдердин материалдык маданиятында жана үй-бүлөлүк структурасынын формаларында чагылдырылганын бир катар археолог-изилдөөчүлөр белгилеп өтүшкөн.

Кыргыздардын этникалык тарыхы Борбордук Азияда, Саян-Алтайда, Орто Азияда, азыркы Казахстандын талаа мейкиндиктеринде болуп өткөн этникалык процесстер менен тыгыз байланыштуу. Анткени «кыргыз» аттуу этнонимди алып жүрүүчүлөр бир эле мезгилде Түштүк Сибирде, Чыгыш Түркстанда, Тянь-Шанда, Памир-Алайда, Орто Азияда жана казак талааларында жашашканы кыргызтануу илиминде далилденген. Демек, Саян-Алтай аймагы кыргыздардын этникалык-маданий тарыхын, этногенезинин негизги баскычтарын калыбына келтирүүдө өзгөчө мааниси зор.

Кыргызтаануу илиминде элибиздин тарыхый тагдыры, этногенези, салттуу маданияты тектеш болгон башка элдер менен тарыхый, этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын изилдөө актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Ошондуктан, кыргыздардын Саян-Алтай аймагын мекендеген түрк тилдүү элдер менен тарыхый-маданий, прикладдык маданият жаатындагы байланыш-

тарын иликтөө кыргыздардын саясий-экономикалык, социалдык тарыхын, этникалык жүзүнүн калыптанышын, этногенезин аныктоодо зарыл маселе болуп саналат.

**Илимий масаленин изилденүү деңгээли.** XIX к. орто чендеринен тартып, айрыкча Сибирь аймагы жана Кыргызстан Россиянын курамына каратылгандан тартып, бул аймактардагы жашаган элдер тууралуу баалуу маалыматтарды камтыган ар түрдүү илимий изилдөөлөр чыга баштайт. Россиялык бир катар илимий мекемелердин өкүлдөрү — этнографтар жана тарыхчылар, археологдор, географтар жана тоо инженерлери, ботаниктер жана зоологдор, медиктер жана ветеринарлар ж.б. адистер Кыргызстан менен Сибирдин аймагында илимий саякаттарын жүргүзө баштащат.

Мындай изилдөөчүлөргө В.В. Радлов, Г.Е. Грумм-Гржимайло, Д.Г. Мессершмидт, Ф.Н. Страленберг, Н. Северцев, А.Федченко, Н.К. Рерих, Ф.А. Фиельструп, Ч.Ч. Валиханов, П.П.Семенев-Тянь-Шанский, И.М. Пржевальский, Н. Зеланд, Г.Н. Потанин ж.б. илимий изилдөөлөрү, эмгектери кирет[1].

Сибирь элдеринин тарыхы боюнча эң алгачкы толук изилдөөтеги немис окумуштуусу Г.Ф.Миллерге[2] таандык. Ал Сибирдин тарыхын биринчи болуп илимий негизде изилдеп, чоң академиялык басылма чыгарган. Ал эми Түштүк Сибирь элдеринин тарыхы боюнча алгачкы толук илимий изилдөөлөрдү камтыган эмгек илимпоз С.В.Киселев[3] тарабынан чыгарылган.

Түштүк Сибирь жана Борбордук Азиянын аймагынын байыркы тарыхы боюнча белгилүү орус синологу кытай жылнаамаларын которуп, жыйнаган Н.Я.Бичуриндин[4] эмгегин белгилеп өтүү керек. Ал эмгек көбүрөөк комментарийлер формасында болсо да,

[1] Радлов В.В. Из Сибири: Страницы дневника. – М., 1989; Грум-Гржимайло Г.Е. Западная Монголия и урянхайский край. – Т.III. – Л., 1926, Грумм-Гржимайло Г.Е. Киргизы. – Л., 1933; Новлянская М.Г. Д.Г.Месершмидт и его работы по исследованию Сибири. – Л., Наука, 1970; Новлянская М.Г. Ф.Н.Страленберг, его работы по исследованию Сибири. – М.-Л., «Наука», 1966, Путешествия по Туркестану Н.Северцова и А.Федченко. – Спб, 1894; Фиельструп Ф.А. Исследования среди кара-киргиз. – Л., 1925; Рерих Н.К. Алтай-Гималай: (Дневниковые записи) – М., Изд-во «Мысль», 1974; Валиханов Ч. Избранные произведения. – Алма-Ата, 1958; Пржевальский Н.М. От Киргизии до Тянь-Шаня и на Лобнор. – М., 1947; Зеланд Н. Киргизы. Этнологический очерк. Без вых.дан. – 78 с., Потанин Г.Н. Очерки Северо-Западной Монголии: результаты путешествия 1879 году по поручению Императорского русского географического об-во. -- Спб., 1883. –Вып. 4.

[2] Миллер Г.Ф. История Сибири. – М.-Л., 1941. – Т. I, II.

[3] Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири. – М., 1951; Киселев С.В. Краткий очерк древней истории хакасов. Хакгиз-Абакан, 1951

[4] Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена. – Алматы, ТОО «Жалын Баспасы», 1998



кытай жылнаамаларынан алынган Түштүк Сибирь жана Борбордук Азиянын аймактарын мекендеген байыркы элдер, уруулар, мамлекеттик түзүлүштөр жөнүндө баалуу булактануучулук мааниге ээ.

Алтай аймагындагы түрк тилдүү уруулардын этнографиясын изилдөөчүлөрдүн алгачкыларынан орустун христиандык диний миссионери В. Вербицкийди[5] өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал биринчилерден болуп алтайлыктардын тилин, элдик оозеки адабий чыгармачылыгын, жашоо-турмушун илимий деңгээлде изилдеген. Арийне, кечил В.Вербицкийдин эмгеги айрым так эмес тыянактарга карабай, этнология илиминде бул эмгектин илимий мааниси чоң экендиги талашсыз. Анткени, ал алгачкылардан болуп алтайлыктардын жашоо-турмушуна, чарбалык укладына, тилине, айрым этнографиялык, антропологиялык жактан тарыхый калыптанган өзгөчөлүктөрүнө карата түндүк жана түштүк алтай урууларына туура бөлүп, бул маалыматтарды илимге киргизген жана алтайлыктардын философиялык-диний ишенимдери, каада-салттары, традициялары жөнүндө терең изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Ошондой эле кыргыздар жана Сибирь элдеринин тарыхы, этнографиясы боюнча илимге таанымал түркolog-тарыхчы В.В. Радловдун[6] эмгектерин өзгөчө белгилеп өтүү керек. Ал өз изилдөөлөрүндө алтай, тува, хакас жана кыргыз элдери жөнүндө, алардын уруулук курамы, жашоо-турмушу, прикладдык искусствосу, чарбалык уклады, үй-бүлөлүк мамилелери, шаман дини жана анын коомдогу ээлеген орду, культтук ишенимдери ж.б. жөнүндө илим чөйрөсүнө мааниси зор маалыматтарды киргизген.

Саян-Алтай аймагындагы элдер, алардын тарыхы жана этнографиясы боюнча комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана бул аймак боюнча белгилүү адис, көрүнүктүү окумуштуу Л.П. Потаповдун[7] эмгектери жана анын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, тыянактары диссертациялык ишти жазууда эң негизги булак болду. Чындыгында, Л.П. Потапов Түштүк Сибирь элдеринин этникалык-маданий тарыхын, этнографиясын изилдөөлөрдү жогорку деңгээлге көтөргөн окумуштуу. Анын эмгектери, илимий тыянактары жана сунуштары тарых жана этнография илиминде мааниси

[5] Вербицкий В.И. Алтайские инородцы. – Горно-Алтайск: 1993.

[6] Радлов В.В. Из Сибири: Страницы дневника. – М., 1989

[7] Потапов Л.П. Народы Южной Сибири. – Новосибирск: Новосибирское книжное издат-во, 1953. Очерки народного быта тувинцев. – М.: Наука, 1969.; Алтайский шаманизм. – Л.: «Наука», 1991., Краткие очерки истории и этнографии хакасов (XVII-XIX вв.). – Абакан, 1952; Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко-этнографический очерк. – М.: Наука, 1969

зор жана илимдеги өз актуалдуулугун бүгүнкү күнү да жогото элек.

Тува элинин тарыхы жана этнографиясы боюнча этнограф С.И. Вайнштейндин эмгектерин атап өтүүгө арзыйт. Анын көчмөн мал чарбачылык, анын укладдык түзүлүшү, көчмөнчүлүк турмуш маданияты боюнча да баалуу изилдөөлөрү белгилүү. Мындан сырткары, тувалардын этникалык-маданий тарыхы Н.А.Сердобовдун эмгектеринде кенен чагылдырылган. Автор көп жылдык иликтөөлөрүндө тувалардын кыргыздар менен этногенетикалык жана этномаданий алакаларын изилдеген. Мындан сырткары, тувалык этнограф М.Х. Маннай-оолдун иликтөөлөрү этнография илими үчүн өтө маанилүү. Этнограф изилдөөлөрүндө тува элинин калыптануусунун этаптары, «кыргыз» этнокомпоненти жана анын тувалардын этникалык тарыхындагы ролуна баа берген [8].

Кыргыздын алгачкы тарыхчыларынын бири Белек Солтоноевдин кыргыздардын эң байыркы мезгилден XX к. баш чендерине чейинки тарыхын камтыган «Кыргыз тарыхы»[9] эмгеги кыргызтаануу үчүн өтө баалуу. Бул фундаменталдуу эмгекте кыргыздардын салттуу маданияты, элдик санжырасы, уламыш жана болмуштары, каада-салттары жөнүндөгү бай маалыматтар жыйналып, тарых илими үчүн булактануучулук мааниге ээ.

Кыргыздардын жана Түштүк Сибирь элдеринин тарыхы, маданияты, этнографиясы боюнча баалуу маалыматтар жана башка изилдөөлөр В.В. Бартольд, Н.А. Аристов, А.Н. Бернштам, В. Малов, Н.Ф. Катанов, Н.М. Ядринцев, В.И. Дулов, Н.П.Дыренкова, Н.А. Баскаков, Анвар Байтур, Ө.К. Караев, Э.Ж. Маанаев, С.Г. Кляшторный, Д.Г. Савинов, Ю.С. Худяков, К.Ш. Табалдиев, Т.К. Чороев, М.Ч. Кожобеков, Б.М. Жумабаев[10] өңдүү тарыхчы, археолог, түрколог-изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде жолугат.

[8] Вайнштейн С.И. Историческая этнография тувинцев. – М., 1972., Проблема происхождения и формирования хозяйственно-культурного типа кочевых скотоводов умеренного пояса Евразии. – М. Наука, 1994; Тувинцы-тоджинцы. –М.. «Наука», 1961; Сердобов Н.А. История формирования тувинской нации. – Кызыл. 1971. Маннай-оол М.Х. Тувинцы. Происхождение и формирование этноса. – Новосибирск, 2004.

[9] Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Б. «Архи» Инновациялык борбору, 2003.

[10] Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1997; Аристов Н.Н. Усуни и кыргызы или каракыргызы. – Б., 2001. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1997. Т. I, II; Т. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. – М., 1952, Дулов В.И. Социально-экономическая история Тувы (XIX – нач. XX в.) – М., 1956; Катанов Н.Ф. Отчет о поездке совершенной с 15 мая по 1 сентября 1896 годв в Минусинский округ Енисейской губернии Н.Ф Катанова. – Казань. Типо-Лит. Импер-го Казанского ун-та, 1897; Катанов Н.Ф. Среди тюркских племен. Сообщ. Н.Ф Катанова. – Спб., 1893; Катанов Н.Ф. Этнографический обзор турецко-татарских племен. – Казань. Типо-Лит. Импер-го Казанского ун-та, 1894; Катанов Н.Ф. Гадания у жителей Туркестана. -Спб., 1893; Баскаков Н.Я. Введение в изучение тюркских языков. – М., 1966; Байтур Анвар. Кыргыз тарыхынын лекциялары. I-II китеп. –Б., 1992; Савинов Д.Г. Археологические данные о связи енисейских и тянь-шаньских кыргызов в конце I – начале II тысячелетия н.э. // ВЭИКН. – Ф., 1989. – С. 77-79.; Маанаев Э.Ж., Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. – Б., 2003. Маанаев Э., Плоских В. На «крыше» мира. – Ф.: «Мектеп», 1983; Худяков Ю.С. Киргизы на просторах Азии. – Б., 1995; Чоротегин Т.К. Этнические ситуации в тюрксих регионах Центральной Азии домонгольского времени: По мусульманским источникам IX-XIII вв. – Б., 1995; Табалдиев К.Ш. Некоторые вопросы этнокультурной интерпретации средневековых погребений Кыргызстана // Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. Б.: «Кыргызстан», 1996. – С. 195-203; Табалдиев К.Ш. Древнетюрские рунические надписи Кочкорской долины // Наследие материальной и духовной культуры Кыргызстана. – Б., 2005. – С. 21-25. Кожобеков М. Түрк цивилизациясынын генезиси // Үчүнчү миң жылдыктын босогосунда түрк цивилизациясы. Эл аралык конгресстин материалдары. – Б., 2003. – С. 29-34; Жумабаев Б.М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников (вторая половина XIX - начало XX вв.). – Б.: 1999.

Диссертациялык иштеги өзөккү маселе болгон кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен тарыхый-маданий байланыштары боюнча маселелерди камтыган изилдөөлөр С.М.Абрамзон, И.Б. Молдобаев, В.Я. Бутанаев, О.К. Каратаев, А.М. Мокеев, А.А. Асанканов сыяктуу тарыхчылардын жана тилчи Б.Ө. Орузбаева, этнограф К.А. Айдаркулов, Т. Баялиева, С.Алымкулова, түркологдор жана фольклор изилдөөчүлөр С. Сыдыков, С. Кудайбергенов, Ж.К. Сыдыков, Т. Абдракунов, философтор Б. Аманалиев, Ч.Т. Нусуповдордун[11] изилдөөлөрүнө тиешелүү.

[11] Мокеев А.М. О локализации алтайских киргизов в IX-XIV веках // Кыргызы: Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. –Б.: «Кыргызстан», 1996. – С. 209-223; Асанканов А.А. Каратаев О.К. Древнекыргызские тамги Хакасско-Минусинской котловины и Республики Тыва: историко-этнографические исследование (новые находки) // Материалы Международной археолого-этнологической экспедиции, посвященные 2200-летию Кыргызской государственности. – Б.: Изд-во КГПУ, 2003. – С. 83-125; Асанканов А.А. Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные связи с народами Саяно-Алтая (к постановке проблемы) // Материалы Международной археолого-этнологической экспедиции, посвященные 2200-летию Кыргызской государственности. – Б.: Изд-во КГПУ, 2003. – С. 13-25; Асанканов А.А. Народный календарь кыргызов - как часть тюркской цивилизации (на примере сравнительно-сопоставительного анализа у кыргызов и алтайцев) // Түрк цивилизациясынын дүйнөлүк цивилизациялар ичиндеги орду. II Эл аралык конгресс. –Б.: 2005. – С. 81-54; Орузбаева Б.О., Юсупова М.А. Юрта - жилище кочевника. // Тюркологические исследования. – Ф.: Илим, 1985. -42-47-бб.; Айдаркулов К.А. Этнические связи киргизов с народами Центральной Азии (по материалам эпоса «Семетей») // Историко-культурные связи народов Центральной Азии. –Улан-Удэ, 1983. – С. 84-90; Баялиева Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. – Ф.: Илим, 1972; Баялиева Т.Д. Пережитки шаманства у киргизов // Научные чтения посвященные памяти академика АН Киргизской ССР С.И.Ильясова. – Ф., 1989; Сыдыков С. Орто Азия, Түштүк Сибирь түрк тилдеринин лексикасындагы ареалдык окшоштуктар жана айырмачылыктар. – Ф.: «Илим» басмасы, 1984. -167-б.; Кудайбергенов С. Киргизский язык и южно-сибирские тюркские языки //Известия АН Киргизской ССР. – 1979. – № 1. – С. 86-91; Сыдыков Ж. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили: тарыхый-этнолингвистикалык очерк. -Б., 2002; Аманалиев Б. Кыргызстандагы ди-

Бул жааттагы изилдөөлөрдөн өзгөчө белгилүү тарыхчы-этнограф С.М. Абрамзондун[12] эмгектерин белгилеп өтүү абзел. Ал кыргыздардын этнографиясын, этникалык тарыхын, тарыхый-маданий байланыштарын ар тараптуу карап чыгып, кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы элдер менен терең тарыхый, этногенетикалык жана этномаданий байланыштары бар экендигин далилдеп жана аларды дагы да тереңдетип изилдөө зарылдыгын алгачкылардан илимге сунуш эткен окумуштуу катары белгилүү.

Кыргыз этнографы И.Б.Молдобаев[13] өз эмгектеринде кыргыздардын Түштүк Сибирь элдери менен этникалык-маданий алакаларын «Манас» трилогиясы жана „Жаныш-Байыш" эпосторунун материалдарынын жана 1981, 1982, 1987-жж. Түштүк Сибирге максаттуу илимий командировкага барып, жергиликтүү калк арасынан жыйнаган этнографиялык, элдик оозеки ж.б. маалыматтардын негизинде кенен чагылдырган. Аталган элдердин тарыхый лексикологиясындагы паралелдерге өзгөчө көңүл бурган.

Хакас элинин тарыхы, этнографиясы боюнча белгилүү адис В.Я. Бутанаевдин[14] кыргыз-хакас этномаданий жана тарыхый

ний жана эркин ойлоонун тарыхынан. – Ф., Кыргызстан. 1967; Нусупов Ч.Т. Кыргызы в Евразии и тюркоязычные народы позднего средневековья. – Б.: Илим. 1999.

[12] Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф.: Кыргызстан. 1990; Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1999; Абрамзон С.М. Очерк культуры киргизского народа. – Ф., 1946.

[13] Молдобаев И.Б. «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. -- Б.: Кыргызстан, 1995; Молдобаев И.Б. Историко-культурная общность кыргызов с народами Центральной Азии // Историко-культурные связи народов Центральной Азии. – Улан-Удэ, 1983. – С. 78-83; Молдобаев И.Б. К проблеме изучения этнокультурных связей киргизского и тувинского народов // Проблемы истории Тувы. – Казань. 1984. –С. 207-215; Молдобаев И.Б. Этническая и культурная общность киргизов с народами Саяно-Алтая // ВЭИКН. –Ф.,1989. – С. 90-93; Молдобаев И.Б. Этнокультурные связи кыргызов в средневековье. – Б., 2003 ж.б.

[14] Бутанаев В.Я. Историко-культурное наследие тюрков Саяно-Алтая //Үчүнчү миң жылдыктын босогосунда түрк цивилизациясы. Эл аралык конгресстин материалдары. – Б., 2003. – 85-88-бб.; Бутанаев В.Я. Историческая судьба енисейских киргизов по данным фольклора народов Южной Сибири // ВЭИКН. –Фрунзе, 1989. – С. 66-77; Бутанаев В.Я. К вопросу о киргизско-хакасских этнографических связях // Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центальной Азии. – Б., 1996. –С. 102-126; Бутанаев В.Я. Степные законы Хонгорая. – Абакан. 2004; Бутанаев В.Я. Традиционная культура и быт хакасов: Пособие для учителей. – Абакан: Хакасское кн. изд-во, 1996; Бутанаев В.Я. Традиционный шаманизм Хонгорая. – Абакан: Изд-во Хакасского государственного университета им. Н. Ф. Катанова, 2006; Бутанаев В.Я. Хакасы. Этнографический очерк. – М., 1995. Бутанаев В.Я. Хоорай астамахтары. Национальные блюда хаксов. – Абакан, 1994; Бутанаев В.Я. Этническая культура хакасов. – Абакан. 1988; *Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары*: фольклор жана тарых. – Б., 2002; Бутанаев В.Я., Монгуш Ч.В. Архаические обычаи и обряды саянских тюрков. – Абакан. Изд-во Хакасского государственного университета им. Н.Ф.Катанова. 2005; Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. – Абакан. 2000.



маданиятындагы, тарыхый лексикасындагы бир топ жалпылыктарды жана параллелдерди изилдеп, бири-биринен ыраакта жайгашкан бул эки элдин тарыхый тамыры бир экендигин жана хакастар энесай кыргыздарынын жогорку өнүккөн маданиятынын мураскорлору экендигин далилдеп жазган.

Кыргыздардын тарыхый-маданий байланыштарын, өзгөчө Саян-Алтай аймагындагы элдер менен этногенетикалык жана этномаданий алакаларын изилдеген О.К. Каратаевдин[15] эмгектери белгилүү. Анын изилдөөлөрү „кыргыз" этнокомпонентинин таралуу ареалдарын аныктоого, алтай,, тува, хакас элдери менен кыргыздардын тектик жалпылыктарына арналган. Этнонимиялык параллелдер өзгөчө сыпатталган жана тамга белгилериндеги, тарыхый топонимиясындагы жалпылыктар ж.б. тарыхый, этнографиялык маанидеги параллелдер жаңы илимий өңүттө каралган.

Кыргыз-алтай этномаданий байланыштарына этнограф С.К.Алымкулованын[16] изилдөөлөрү арналган. Ал өз изилдөөлөрүндө кыргыздар жана алтайлыктардын терең тарыхый, маданий-этникалык жалпылыктарын далилдеген фактыларды келтирип, аны диссертациялык деңгээлде изилдөөгө алган.

*Жогоруда белгилегендей*, кыргыздардын Саян-Алтай аймагын байырлаган түрк тилдүү элдер менен тарыхый-маданий байланыштары мурдагы советтик жана атамекендик окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Бирок, көрсөтүлгөн эмгектердин дээрлик бардыгында кыргыздардын аталган элдер менен этникалык байланыштарына көбүрөөк басымдуу көңүл бөлүнүп, алардын салттуу маданиятындагы, анын ичинде материалдык маданиятындагы

[15] Каратаев О. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. – Б.: Бийиктик, 2003; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. – Б., 2003; Каратаев О.К. Кыргыз-хакас тарыхый этникалык байланыштары // Эл агартуу. –Б., 2000, – №9-10. -30-33-бб.; Каратаев О.К. Уруулук эн тамгалардын этникалык тарыхты иликтөөдөгү ролу //Вестник КГНУ. Общественные науки. – Б., 1999. 87-94-бб.; Каратаев О.К. Кыргыздардын тувалар менен этногенетикалык, этномаданий байланыштары // КТМУ. Коомдук илимдер журналы. 4-саны, – Б., 2003; Каратаев О.К. Кыргыздардын жана алтайлыктардын тарыхый-этникалык, маданий алакалары //Вестник КГНУ: Серия 6. Наука и образование. Труды ИИМОП. –Вып. 2. –Б., 2000; Каратаев О.К. Топонимические параллели Киргизии и Хакасско-Минусинского края // Вестник КГНУ: Серия. 1. Гуманитарные науки. –Вып. 3. Филология. Языкознание. Государственный язык. –Б., 2001; Каратаев О.К. Кыргызстан жана Минусин ойдуңунун этникалык чөйрөсү // Вестник КГНУ. Общественные науки. – Б. 1999; Каратаев О.К. Хакасско-кыргызские лексические параллели //Вестник КГНУ. Филологические науки. – Ч. 2. –Б., 1999.

[16] Алымкулова С.К. Киргизско-алтайские этнокультурные связи. Дисс.на соиск.уч.степ.канд.ист.н. – Б., 1999. – 145 с.

жалпылыктарына, прикладдык искусствосуна учкай гана кайрылып өтүшкөн. Изилдөөлөрүбүздө ушул маселе эске алынып, кыргыздардын Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдери менен болгон материалдык байланыштарына басымдуу көңүл бөлүндү.

**Изилдөөнүн предмети жана объектиси.** Этногенетикалык жана этномаданий алакаларды чагылдырган салттуу прикладдык маданияттын үлгүлөрү, анын ичинде материалдык маданияттын мурастары изилдөөнүн негизги предмети болду. Кыргыздардын Саян-Алтайды байырлаган түпкү башаты тектеш болгон түрк тилдүү элдер (алтайлыктар, тувалар, хакастар) менен тарыхый-этникалык жана материалдык маданиятындагы байланыштарын иликтөө диссертациялык изилдөөнүн негизги объектиси болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы жашаган түрк тилдүү элдери, алардын ичинен сандык курамдары ири деп эсептелген алтай, тува, хакас элдери менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын чагылдырган салттуу чарбасындагы, материалдык маданиятындагы жана этникалык-маданий тарыхындагы байланыштарын изилдөө болуп саналат.

**Коюлган максатка жетүүдө төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- кыргыздардын алтай, тува жана хакас элдери менен тарыхый-этникалык байланыштарын аныктоо;
- материалдык маданияттын үлгүлөрү аркылуу кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен этногенетикалык байланыштарын иликтөө;
- материалдык маданияттын үлгүлөрүндөгү этномаданий байланыштарына байланышкан маселелерди тактоо;
- прикладдык маданияттын *ж.б.* үлгүлөрүнүн негизинде кыргыздардын жана Саян-Алтай элдеринин философиялык-диний көз караштарындагы параллелдерди аныктоо;
- кыргыздардын алтай, тува, хакас элдери менен салтуу турак-жайындагы, анын курулушу, турак-жайдын түзүлүшү, аталышы жана турак-жайына байланыштуу терминологиясындагы жана анын маанилериндеги жалпылыктарын аныктоо;
- кыргыздардын алтай, тува, хакас элдери менен салттуу тамак-ашындагы жана аны даярдоодогу, тамактануу системасындагы, терминологиясындагы жалпылыктарын тактоо;
- кыргыздардын алтай, тува жана хакас элдери менен салттуу кийим-кечесиндеги жалпылыктары жана терминологиясындагы параллелдерин иликтөө;



- терминологиядагы жалпылыктар (тарыхый лексикология) аркылуу кыргыздардын Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдери менен тилдик жалпылыктарын далилдөө.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** байыркы доорлордон (б.з. VI к.) XX к. аяк чендерине чейинки мезгилди өзүнө камтыйт.

**Методологиялык негизи.** Изилдөөнүн методологиялык негизин объективдүүлүк жана историзм принциптери түздү. Тарыхый, логикалык жана салыштырмалуу-талдоо изилдөөчүлүк усулдары комплекстүү колдонулду.

**Изилдөөнүн булактары.** Диссертациялык иштин негизги базалык булактары болуп окумуштуулардын, саякатчы-изилдөөчүлөрдүн кыргыздар жана Сибирь элдеринин жашоо-турмушу, чарбалык укладдары, материалдык жана руханий маданияттары жөнүндөгү эскермелери, отчёттору эсептелет. Ошондой эле, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондундагы материалдар, Кыргыз Республикасынын жана Казак Республикасынын мамлекеттик архивдеринин фонддору колдонулду.

**Иштин илимий жаңычылдыгы.** Диссертациялык иште алгачкылардан болуп кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен материалдык маданиятындагы байланыштар комплекстүү каралган. Ошондой эле, кыргыздардын бул элдер менен чарба жүргүзүүдөгү, үй бүлөлүк мамилелериндеги окшоштуктар аныкталган, аталган элдер менен тарыхый жалпылыгы тууралуу маалыматтар камтылган. Лексикологиялык маалыматтар жана аларга тиешелүү терминологиялык параллелдер да иштин илимий жаңычылдыгын бекемдейт.

**Иштин илимий-практикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары кыргыздардын тарыхын, этногенезин, маданиятын окуп-үйрөнүүгө өбөлгө түзөт жана кыргызтаануудагы өзөккү маселе болгон кыргыз элинин калыптануу процессин изилдөөгө салым кошот. Диссертациянын материалдары элибиздин көп кылымдык тарыхын, этнографиясын, каада-салттарын, салттуу маданиятын, үйрөнүү үчүн зарыл жана кыргыз тарыхы, этнографиясы, кыргыз маданиятынын тарыхы боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, атайын же тандалма курстарды түзүүдө, лексикалык жалпылыктарды чагылдырган этнографиялык, терминологиялык сөздүктөрдү жазууда, массалык маалымат каражаттары аркылуу кыргыздардын тарыхый мурасын жана улуттук казынасын таанытып, кеңири пропагандалоодо көмөк бере алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- Саян-Алтай аймагы кыргыз элинин калыптануу процессинин негизги баскычы өткөн аймакка кирет жана кыргыздар Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен терең тарыхый-маданий байланышка ээ;
- кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен материалдык маданиятында бир катар жалпылыктар жана параллелдер кезигет;
- салттуу турак жайында жана ага байланыштуу терминологиясында жалпылыктар жана параллелдер бар;
- салттуу тамак-ашында, аны жасоо ыкмасында жана аталыштарында жалпылыктар жана параллелдер кезигет;
- салттуу кийим-кечесинде, анын терминологиясында, салттык өлчөмдөрүндө окшоштуктар жана параллелдер өтө арбын кездешет;
- кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен материалдык маданиятындагы байланыштар бул элдердин тарыхый, маданий жана этногенетикалык жалпылыгын тастыктай алат;
- кыргыздардын аталган аймактардын элдери менен этногенетикалык жакындыктарын чагылдырган тилдик жалпылыктары терминологиялык параллелдер аркылуу аныкталат.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациянын темасы боюнча 11 илимий макала жана 2 докладдын тезиси жарыяланган. Изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары бир нече эл аралык жана республикалык деңгээлде өткөн илимий жана илимий-практикалык конференцияларда жасалган докладдарда чагылдырылган.

**Иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, корутунду бөлүмүнөн, адабияттардын тизмесинен (жалпы саны 248) жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү 165 бет.



## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

*Биринчи бап. "Кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы түрк тилдүү элдер менен тарыхый-этникалык карым-катнашы".* VI к. баштап азыркы алтайлыктардын жери Түрк каганатынын составына кирет. Тарыхчы-изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча кыргыздардын жана алтайлыктардын ата-бабаларынын тарыхый-маданий, этникалык алакалары дал ушул 6-к. чектеринде, өзгөчө Кыргыз каганаты саясий аренага чыга баштаган мезгилден тарта күч ала баштаган.

Саян-Алтай аймагы, анын ичинде Тоолу Алтай кыргыз элинин эл болуп калыптануу процесси өткөн аймакка кирери илимде далилденген. Алтай аймагында кыргыздар жашагандыгын руникалык жазуулардагы маалыматтар да ырастайт.

Ошондой эле кыргыздардын жана алтайлыктардын этникалык аталыштардагы, уруулук эн тамга белгилериндеги, материалдык жана руханий маданияттын үлгүлөрүндөгү параллелдери, элдик уламыш, санжыра жана жомоктордогу маалыматтар, жер-суу аттары ж.б. окшоштуктар кыргыздар жана алтайлыктардын түпкү тарыхый-маданий жалпылыгынан кабар берет.

Кыргыздын улуу эпосу «Манаста» да Алтай аймагы Манастын атасы Жакыптын адашып жашап турган жери катары баяндалып, Жакып кырк үйлүү кыргыз менен Алтайга, калмактардын жерине сүрүлүп, ошол жерде Манас төрөлүп, чоңойгондугу жөнүндө айтылат.

Кыргыз-алтай тарыхый-маданий байланыштарына алтайлыктардын курамынан «кыргыз» этнониминин жана байыркы кыргыздарга таандык болгон этнонимдердин кезигиши да чоң далил боло алат. Кыргыздарда да, алтайлыктарда да жолуккан кыргыз, кыпчак, мундуз, дөөлөс (төөлөс), ж.б. этнонимдери жана жалпы эле эки элдин этникалык параллелдери, уруулук эн тамгалардагы жалпы параллелдүүлүктөр жөнүндө бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрү белгилүү.

Эки элдин диний ишенимдериндеги жалпылыктарына «шаман дини», «Умай энеге», «Теңирге» ж.б. жаратылыш кубулуштарына сыйынуу мисал боло алат. Таш бетине жазылган Орхон-Энесай жазууларынан «кок тенгри» (Көкө теңир), «йер-су (сув)» (жер жана суу), «Умай» (балдардын колдоочусу жана түшүм кудайы) деген шаманчылыктагы негизги ишенимдер көп жолугат. Түндүк Кыргызстандагы шаманчылык Түштүк Сибирь анын ичинде Алтай элдеринин ишенимдери менен бир катар жалпылыктарга ээ. Кыргыз шамандарынын басымдуу көпчүлүгү телеут жана кумандылардай эле

өздөрүнүн колдоочусу катары «ак тайлакты» эсептешкени маалым. Себеби, ак төө же «Акбуура» кыргыздарда (басыз уруусу) пир туткан ыйык тотемдик жаныбар катары белгилүү. «Ак төнүн карды жарылган доор» деген элдик учкул сөз бекер жеринен чыкпасы ырас.

Кыргыздардын жана алтайлыктардын тууган-туушканчылык байланыштарынын терминологиясын салыштырып көрүп эки элдин тарыхый лексикасынан бир топ жалпылыктарды табууга болот. Алтайлыктар менен кыргыздарда ж.б. түрк тилдүү элдериндей эле тууган-туушканчылык системасында классификатордук белгилер сакталып калган. Тууган-туушкандык, чарбачылык ж.б. терминдер консервативдүү мүнөзгө ээ болуп, бул элдердин узакка созулган тарыхый-этникалык жалпылыктарын тастыктайт.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй кыргыздар жана түштүк алтайлыктар мал чарбачылык көчмөнчүлүк турмуштун байыртадан бери келаткан формаларын сактап калышкан. Мал чарбачылык жүргүзүүнүн негизги бардык ыктары, мал чарбачылыгына тиешелүү терминдердин кыйла бөлүгү жана мал тобунун составы кыргыздарда жана алтайлыктарда олутту айырмаланбайт. Алтайлыктарга кыргыздардай эле малды жашына карай атоо да мүнөздүү болгон.

Азыркы мезгилде тувалыктар өздөрүн «тыва» же «тыва кижи» деп аташат. Тувалар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар Кытайдын Суй жана Тан династияларынын жылнаамаларында «дубо», «тубо», «тупо» деген формада жолугуп, булар Энесайдын жогорку агымында жашаган уруулар деп эскерилет. Кыргыздарда бул этнонимдин тубай, төбөй ж.б. сыяктуу параллелдери кездешет.

Азыркы Тува аймагы да кыргыздар эл болуп калыптанган аймакка кирери илимде аныкталган. Ошондуктан, кыргыз-тува тарыхый жана маданий байланыштарын иликтеп, тактоо кыргызтаануудагы негизги маселелердин бири.

IX к. кыргыздар Уйгур каганатын кулаткандан кийин азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына кирип калат. Кыргыздар Туванын аймагында жашаган уруулардын материалдык жана руханий маданиятына чоң таасирин тийгизишкен. Кыргыз-тува элдеринин өз ара тарыхый, этникалык-маданий жалпылыктары кыргыздардын башкаруу доорунда калыптанган. С.И. Вайнштейндин оюу боюнча Кыргыз мамлекети кулагандан кийин, Туваны басып алган кыргыздардын бир бөлүгү бул аймакта жашап кала беришкен жана тува элининн этногенезине катышышкан. Тува аймагында кенен таралган көп сандаган «кыргыс» уруктары, фамилиялары да кыргыздардын көп кылымдар бою үстөмдүк кылган саясий бийлигине далил боло алат.



Кыргыздардын Туванын аймагында узак убакыт болгондугун эпиграфикалык табылгалар, тамгалар, суугат системалары ж.б. күбө боло алат. IX-X кк.га таандык кыргыз эстеликтери негизинен Туванын аймагына топтолуп, Энесай бассейниндеги байыркы кыргыз жазуу-эстеликтеринин да көп бөлүгү ушул аймактан табылганы маалым.

Кыргыздар Туванын аймагындагы мал чарбачылыктын, дыйканчылыктын, металлургиялык өндүрүштүн өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизишкен. Алтын, күмүш, коргошун өндүрүү жогорку деңгээлде өнүгүп, курал-жарактардын үлгүлөрүн жасоо жаңы баскычка көтөрүлгөн. Кыргыздар менен тувалыктардын тууганчылыкты аныктоо системасындагы жана терминологиясындагы жалпылыктар бир кыйла кызыгууну туудурат. Тувалыктардын тууган-туушканчылык системасында Түштүк Сибирдин башка түрк тилдүү элдериндегидей бир термин менен эле бир нече туугандарын атоосу мүнөздүү. Кыргыз жана тува элдери (Батыш Тува) жаратылыш шартына ылайык окшош көчмөнчүлүк жана жарым көчмөнчүлүк шарттарда жашашып, бул аймактын байыркы көчмөндөрүнүн мураскорлору катары чарба жүргүзүүнүн байыркы системасын сактап калышкан. Мал жаныбарларын жашына карата атоо системасы тувалыктарда байыртадан бери туруктуу сакталып келет.

Диссертациялык иште иликтөөгө алынган кыргыз-тува этникалык параллелдери, тууган-туушканчылык терминологиясындагы жалпылыктар, мал чарбачылыгын жүргүзүү жана ага байланышкан терминологиясындагы параллелдер бул эки элдин ортосундагы терең этногенетикалык алакаларын аныктай алат.

Хакастар калыптанып калган этникалык-маданий шартка карата төрт этникалык топко бөлүнүшөт: качиндер (хааш, хаас), сагай, кызыл (хызыл), койбал (хойбал). «Хакас» термини Совет бийлиги тарабынан Хакас-Минусин ойдуңунун жергиликтүү калкын атоо үчүн берилген. Бул аталыш кытай булактарынан алынган, себеби IX-X кк. кытай тарыхый булактарында Ортоңку Энесай аймагын (азыркы Хакасиянын аймагы) жердеген эл (кыргыздар) «хягастар» деп эскерилет. Ошентип бүгүнкү мезгилге чейин бул элдин “хакас” деп аталышы мамлекеттик ж.б. расмий иш кагаздарында колдонулуп келет.

Энесай кыргыздары Ортоңку Энесай өрөөнүндө эрте орто кылым мезгилинде өз мамлекетин түзүшүп, бул аймакта дээрлик XVIII кы-

лымдын башына чейин, күч менен Жунгарияга көчүрүлүп кеткенге чейин бийлик кылган этнос катары болгон. Монголдордун Саян-Алтайдагы басып алуучулук жортуулдары менен кыргыздар чоң бүлгүнгө учураган. Монголдордун кыргыздарды басып алуусу эки жылга созулуп, 1209-ж. гана кыргыздар толук жеңилишет. Ошентип Хакасиянын аймагы монгол мамлекетинин составына кирип бир түмөндү түзүп калган. 1368-ж. монголдордун бийлиги кулагандан кийин кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн аркеттене баштайт. XV-XVI кк. чегинде Хакас-Минусин ойдуңундагы ар кайсы уруулук группалар кыргыздардын башчылыгы астында «Хонгор» же «Хонгорай» деп аталган этносаясий бирикмесин түзгөн.

1727-ж. Кяхта тынчтык келишиминен кийин Хонгорай Россия империясынын курамына кирип, Саян-Алтайдагы кыргыздардын көп кылымдык үстөмдүгү аяктайт. Энесайлык кыргыздардын «хонгорай» деген тарыхый өзүн-өзү атоосу «тадар» деген экзоэтноним менен алмашып, Россия мамлекетинин составында алар кийин «минусин татарлары» деген аталышка ээ болушат. Кыргыздардын Хонгорай этносаясий бирикмесиндеги ээлген орду зор болгондугун XVII к. орус документтеринде Хакас-Минусин аймагы «Кыргыз жери» деп аталгандыгы далилдеп турат.

Демек, Хакас-Минусин ойдуңу, кыргыздар калтырган маданий катмар, ал эми хакастар энесайлык кыргыздардын түз урпактары, мурасколлору экендиги шексиз. Ошондуктан кыргыз-хакас тарыхый-маданий байланыштарын изилдөө кыргыз тарых илиминде чоң кызыгууну туудурат.

Хакастардын курамындагы “хыргыс” сөөктөрү (уруктары) эң көрүнүктүү жана тектүүлөрдөн болуп эсептелинет жана бул этнонимдер хакас уруктарынын дээрлик баарынан кездешет.

Мындан сырткары, кыргыз-хакас тектик жалпылыктары лексикалык параллелдерде байкалат. Мисалы, кыргыз-хакас тууган-туушканчылык терминологиясынан бир катар жалпылыктарды жана параллелдерди кезиктирүүгө болот.

Ошентип, кыргыз-хакас трыхый-маданий байланыштарынын хронологиялык чеги катары болжол менен V к. орто чендеринен XVIII к. баш чендерине чейинки мезгилди кароого болот. Кыргыз-хакас мал чарбачылыгынын бирдей мүнөзү, үй бүлөлүк мамилелериндеги окшоштуктар, тарыхый-маданий байланыштары, этникалык жалпылыктары, тууган-туушканчылык системасындагы жана терминологиясындагы параллелдер бул элдердин тамыры



тереңге кеткен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарынан кабар берет.

*Экинчи бап. “Кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы түрк тилдүү элдер менен материалдык маданиятындагы байланыштары”.* Кыргыздар жана Саян-Алтай түрк тилдүү элдери чарбалык уклады боюнча көчмөнчүлүк мал чарбачылык менен кесиптенишип, конуштары жана турак-жайлары көчмөнчүлүк чарбага ылайыкталып калыптанган.

Алтайлыктардын цилиндр формасындагы турак жайы «кереге» же «керене» деп аталчу жыгач торлордон (решетка), «чанмрак» менен бириктирилүүчү тегерек түрүндөгү «карачкыдан», «эжик», «калгы», «уну» деп аталчу жыгач шыргыйларынан жана кийиз жапкычтарынан турат. Кийиз жапкычтары: үйдүн капталдарын жабуучу «туурга», үйдүн үстү жагын жабуучу «тебир», үйдүн түтүн чыгуучу төбөсүн жабуучу «дьабу» деген бөлүктөрдөн турат. Жогоруда аталган алтай кийиз үйүнүн бардык жыгач жана кийиз детальдары алдын ала даярдалып алынган. Бул алтай кийиз үйү «кийис айл» же «кереге айл» деп аталып, курулушу, формасы жана деталдарынын аталыштары жагынан кыргыздардын боз үйүнө абдан окшош, ошондой эле монголдор жана тувалыктардын кийиз үйлөрү менен да окшоштуктары жолугат.

Батыш Туванын да чарбалык маданий уклады көчмөн мал чарбачылык болгондуктан анын салттуу турак жайы оңой тигилип кайра чечилчү кийиз үй болгон. Туванын Монгун-Тайга районунда кийизден жасалган үйдү - «кидис үг», Кара-Хол аймагында «тербе үг», Тере-Хол аймагында «моол үг» (моол – теги монголдордуку экендигин белгилөө үчүн болсо керек) деп аташат. Тувалыктардын кийиз үйү да жыйнала турган бир нече стандарттуу жыгач бөлүктөрүнөн жана үстүн жабуучу кийиз бөлүктөрүнөн турган.

Мындай үйдүн дубалы кайчылаштырып байланган таяктардан (хана көөги - жиптери) - «хана» деп аталган бөлүктөрдөн турат (кырг. - кереге). Таяктын баш жагы хана бажи деп аталып, хана бажиге чачтан токулган жиптер менен «улун» же «ынаа» деп аталган таяктын учу (кырг. - уук) бириктирилет. Улун боз үйдүн үстү жагын негизин түзөт. Боз үйдүн чокусуна «харача» орнотулат (түтүн чыгуучу тегерек формадагы жыгач). Бул тегерекке ынаанын башы бекитилчү тешиктер жасалган. Харачанын (кырг. - түндүк) диаметри боюнча ага кайчылаштырылып жарым ийилген 6 мөгөче же мөгеже бекитилген. Харачанын кийиз жапкычын - өреге деп аташат. Үйдүн чоңдугу хананын (керегенин) санына жараша болуп, тувалыктардын

кийиз үйү төрттөн он экиге чейинки сандагы ханадан турган. Төрт ханадан турган үйдүн формасы кичинекей болуп, анда көбүнчө колунда жок кембагалдар жашаган. Ал эми колунда бар бай нойондор он же он эки ханадан турган кийиз үйлөрдө жашашкан.

Кыргыздардын боз үйүнө окшош келген хакастардын салттуу турак жайынын бир түрү цилиндр формасында болуп ал «тирмеліг иб» болгон. Анын түзүлүшүн негизинен решетка формасындагы «тирме» (кыргыздарда – «керегe»), «хараачы» (кыргыздарда - түндүк) жана бир башы тирмеге, бир башы хараачыга бириктирилген «ух» түзгөн (кыргыздарда - уук). Хакастардын үйү 6 тирме, 8 тирме, 10 тирме, 12 тирмеден (кырг. - 6 канат, 8 канат, 10 канат, 12 канат) туруп, үйдүн чоңдугу тирмелерлердин санынан жараша болуп, үйдүн эшиги сөзсүз күн чыгыш тарапты көздөй чыгарылган. Хакастарда байлардын үйү же чоң көлөмдөгү кийиз үйлөр «өргe» (кырг. - өргөө) деп аталгандыгы белгилүү. Кыргыздарда да чоң көлөмдөгү (12 канат) үйлөр ак үй же өргөө деп аталары маалым. Ошондой эле, өргөө деп кыргыздарда жаңы үйлөнгөндөргө даярдалган үйлөр да аталган.

Жогоруда мисал келтирилген алтай, тува жана хакас элдеринин салттуу турак-жайлары чарбалык укладдары боюнча калыптанган салттарга ылайык, өзүнчө функционалдык зоналарга бөлүнүп кыргыздардын боз үйүнүн ички бөлүнүшү менен дээрлик айырмаланбайт.

Боз үй менен катар эле кыргыздар жана Саян-Алтайдын түрк тилдүү көчмөндөрү көчүрүлүүчү турак-жайдын башка типтерин да колдонушканы маалым. Мисалы алачык формасындагы турак-жайларды колунда жок, кедей-кембагалдарда көп колдонгон. Тувалардын мындай конус түрүндөгү кийиз үйү - «пөдей» деп аталган. Дал ушундай конус формасында кийиз менен жабылган үйлөр түштүк алтайлыктарда да арбын кездешип, "чадыр" же "аланчык" деген аттар менен белгилүү.

Кыргыздар менен алтай, тува, хакас элдеринин салттуу турак жайынын ар кандай түрлөрү, терминологиясы, алардын ички түзүлүшү, тиричилик шартка ылайык салттуу зоналарга бөлүнүшү салыштырылып каралып чыгып, бул элдердин ортосунда бир катар айырмачылыктар менен бирге көптөгөн этногенетикалык жалпылыктар жана параллелдер бар экендиги аныкталды. Ал эми мындай салттуу турак жайындагы окшоштуктар жана параллелдер бул элдердин терең тарыхый-этникалык, маданий байланыштарынан кабар бере алат.

Ар бир элдин салттуу кийим-кечеси байыркы этностук-гендик жана маданий байланыштарды аныктоо үчүн, аны иликтөө багытын-



дагы маанилүү, ары баалуу булак болуп кызмат кылары шексиз. Аталган аймактарда жашаган элдердин салттуу кийим-кечелери негизинен талаа көчмөндөрүнө мүнөздүү болгон кийим-кечелерге типтүү болгон белгилер менен мүнөздөлөт.

Кыргыздардын жана Саян-Алтай түрк тилдүү элдеринин кийим-кечесинин мүнөзүнө аба ырайынын кескин өйдө-төмөн болуп өзгөрүп туруусу, кээ бир жерлерде кыйла катаал болуп кетүүчү бийик тоолуу климаттык шарттар өзүнүн белгилүү изин калтырган. Мындай климаттык шарттар кээ бир учурларда жайкы сезондо, тагыраак айтканда күндүн аптаптуу мезгилинде да пайдаланылуучу жылуу кийим-кечелердин ар кыл түрлөрүнө болгон керектөөнү пайда кылган.

Кыргыздардын салттык кийим-кечесинде өзүнчө өзгөчөлүк сакталып калуу менен бирге эле Саян-Алтай аймагындагы түрк тилдүү көчмөн элдеринин кийим-кечеси менен тыгыз этнографиялык, этногенетикалык байланыштарды айгинелеп турган белгилер да көп кездешерин айтууга болот. Бул элдердин улуттук кийим-кечеси бүтүндөй алганда олуттуу айырмалары бар болсо да, кийим-кеченин айрым бөлүктөрүн жана анын терминологиясын кунт коюп иликтеп-изилдегенде жалпы көп байланыштар байкалат.

Жалпылап айтканда, кыргыздардын кийим-кечеси жана кооздук буюмдары өзүнүн өнүгүү жолунда Саян-Алтай аймагындагы түрк тилдүү элдеринин маданий таасирлеринин көп кылымдык аралашуусунун натыйжасында ар тараптуу байланыштарга ээ болгондугун ишенимдүү далилдеп айтууга болот.

Салттуу тамак-аш аркылуу кайсыл гана эл болбосун, ошол элдин чарбалык укладын, негизги чарбалык кесиптерин, маданий деңгээлин, психологиясын, философиялык-диний түшүнүктөрүн ж.б. өзгөчөлүктөрүн көрүүгө болот. Тамак-аш жана ага тиешелүү азыктүлүктөрдү даярдоо, аны дасторконго тартуу маданияты да этнографиялык өтө баалуу булак болоору ырас.

Кыргыздар менен Саян-Алтай аймагындагы түрк тилдүү көчмөн элдеринин тамак-аш режими сезондук мүнөзгө ээ болуп, кышкысын эт азыктары жана кээ бир сүт азыктары (курут, сары май) кошулган ун жана дан тамак-аштары басымдуулук кылса, жайкысын басымдуу сүт азыктары болгон. Эң эле көп тараган жайкы суусундук кыргыздарда жана хакас, тува, алтай элдеринде ачытылган сүт («айран») болгон. Жашоодогу бул көрүнүш көчмөндүн шартындагы мыйзам ченемдүү шарт эле. Себеби, көчмөн шартындагы жашоодо сүттү ачытпай сактоо татаал болгон. Ошондуктан, жай мезилинде кыргыздарда жана

Саян-Алтай элдеринде даярдоо технологиясынын ылдамдыгы жана жөнөкөйлүгү менен айырмаланган суусундук – «айран» көп колдонулган. Кыргыздар менен хакастарда ачытылган сүт окшош термин менен «айран» деп аталып, ал тургай айранды даярдоо ыкмасында да дээрлик айырмачылык жок.

Тувада да жайындагы негизги суусун катары ачытылган сүт – «хойтпак» көп колдонулган. «Хойтпак» теги жагынан монгол сөзү. Бул термин монгол доорунда тува лексикасына келип кирген.

Айрандан кыргыздар жана Саян-Алтайдын көчмөн жана жарым көчмөн калкы сүзмө менен курут алышкан. Сүттөн сүзмөнү алууда жана андан куруттү даярдоо ыкмасында кыргыздар менен Саян-Алтай элдеринен өтө жакын жалпылыктарды жолуктурабыз. Ал тургай жогоруда аталган элдерде бул азык «курут» же «хурут» деп окшош термин менен аталары маалым.

Кыргыздарда жана Саян-Алтай көчмөн элдеринде сүттөн жасалган эң кадырлуу суусундуктардын бири «кымыз» болгон. Ошондой эле сүттөн жана сүт азыктарынан сүттүн коюу, майлуу бөлүгүн - «каймак», «сары май» алышкан. Алтайлыктар дал ушундай ыкма менен алынган майды «сардю» деп аташкан. Тувалыктарда мындай жол менен алынган май «үс» деп аталып, аны койдун карынында сакташканы маалым. Койдун карынына сары майды сактоо кыргыздарда да кенен таралган. Ошондой эле, дагы бир ныкталып жасалган сүт азыктарынан кыргыздарда «быштак», алтайлыктарда «пыштак», хакастарда «пызылах», ал эми тувалыктарда «пыштак» деп аталып, даярдоо ыкмасында да, аталыштарында да дээрлик айырмачылыктар кездешпейт. Эт жана эттен жасалган тамактар кыргыздар жана мал чарбачылык менен кесиптенген Саян-Алтай элдеринин тамак-аш рационунун эң негизги бөлүгүн түзгөн.

Байыркы мезгилдерден бери кыргыздарда жана Саян-Алтай элдеринде тамактануу учурунда бышкан этти бөлүштүрүүнүн байыркы салттык этикети сакталып келип, ал учурдагы кыргыздардын тамактануу системасындагы эң консервативдүү элементти түзөт.

Алтайлыктарда, хакастарда жана туваларда эң кадырлуу устукандын бири - төш, анан кой же жылкы этинен кыргыздар менен алтайлыктар жана тувалыктардын бир катар топтору үчүн жалпы устукан - «уча» (ужа) экени маалым болду.

Эт тамак-ашынын ичинен кыргыздар жана Саян-Алтай элдери үчүн жалпы окшош «жөргөм» (тувалыктарда «чөреме», алтайча «дьөргөм», же «төрьгөм»), «карта» (алтайлыктарда «карта», хакастарда «харты»), «керчөө» (Алтай жана Тувада «керзен», хакастарда «тос хара»), «чучук» (алтайча «чочук», хакасча «чочых») «быжы» (хакастар менен алтайлыктарда канга сүт кошуп, ичегиге куюп кайнатышып жасашат, ал хакастарда «хан сөл», алтайлыктарда «кан», тувалыктарда «хан» деп аталган) ж.б. тамак-аштарын атоого болот.



XIX к.-XX к. башында Борбордук Азия жана Саян-Алтай элдери көчмөнчүлүк жашоонун муктаждыктарына ылайык келген ийилчээк жана сынбаган материалдан жыгачтан, териден, малдын ички органдарынан даярдалган ар кандай чоңдуктагы идиштерди колдонушкан.

Кыргыздардын тамак-ашында коншу Борбордук Азия элдери менен да тарыхый жана маданий тыгыз байланыштарын далилдөөчү көптөгөн көрүнүштөр бар, бирок Саян-Алтай түрк тилдүү элдеринин тамак-ашындагы, идиш-аяктарындагы, аталыштарындагы параллелдер, көп сандаган этногенетикалык, этномаданий фактылар кыргыздардын бул аймактагы элдер менен түпкүргө кеткен этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары болгонун ишенимдүү күбөлөндүрө алат.

*Корутунду* бөлүмүндө диссертациялык иште каралган маселелер боюнча төмөнкүдөй тыянактар чыгарылды:

- Кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен тарыхый-маданий байланыштарынын тамыры терең кетип, кыргыз элинин материалдык маданиятынын бир катар аспектилери саян-алтайлык генезиске ээ;
- материалдык маданияттын үлгүлөрүнүн мисалында кыргыздар менен Саян-Алтай түрк тилдүү элдеринин этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын байкоого болот;
- материалдык маданият, чарба жүргүзүү, үй бүлөлүк мамилелеринин негизинде кыргыздардын жана Саян-Алтай элдеринин философиялык-диний көз караштарындагы параллелдер айкын көрүнөт;
- кыргыздардын алтай, тува, хакас элдери менен салтуу турак-жайындагы, анын курулушу, турак-жайдын түзүлүшү, аталышы жана турак-жайына байланыштуу терминологиясында көптөгөн жалпылыктар жолугат;
- кыргыздардын алтай, тува, хакас элдери менен салттуу тамак-ашында жана аны даярдоодо, тамактануу системасында, терминологиясында жалпылыктар жана параллелдер кезигет;
- кыргыздардын алтай, тува жана хакас элдери менен салттуу кийим-кечесинде жана терминологиясында окшоштуктар бар;

• кыргыздар жана Саян-Алтай түрк тилдүү элдеринин материалдык маданиятындагы байланыштар бул элдердин тарыхый, маданий жана этногенетикалык жалпылыгын тастыктайт;

• терминологиядагы жалпылыктар (тарыхый лексикология) аркылуу кыргыздардын Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдери менен тилдик жалпылыктары такталды.

Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен тарыхый-этникалык жана материалдык маданиятындагы байланыштары бул элдердин тарыхый, этномаданий жана этногенетикалык жалпылыгын далилдей алат деген тыянакка келебиз. Ал эми бул маселелерди дагы да тереңдетип изилдөөлөр кыргыз элинин этногенезинин жана этникалык тарыхынын көмүскөдө калган проблемаларын ачууда зор салымын кошоору бышык.

Жогорку көрсөтүлгөн тыянактарга таянуу менен төмөнкүдөй практикалык сунуштар берилет:

- кыргыздардын этногенезин, этникалык тарыхын, этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын ар тараптуу изилдөө максатында Саян-Алтай жана ага чектеш аймактарга тарыхый-этнографиялык, археологиялык экспедицияларды уюштуруу;
- аталган аймактардагы элдердин тарыхы жана этнографиясы боюнча атайын илимий конференцияларды уюштуруу жана алардын жыйынтыктары боюнча илимий макалалардын жыйнактарын, монографияларды, окуу куралдарын жарыкка чыгаруу;
- Саян-Алтай элдеринин прикладдык маданияты аркылуу байыркы кыргыздардын материалдык маданиятын реставрациялоо;
- Саян-Алтай түрк элдеринин тили аркылуу байыркы кыргыз лексикасын калыбына келтирүү.



## Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган


1. Кыргыздардын жана хакастардын каада-салттарындагы жалпылыктар (баланы тарбиялоо, үйлөнүү салттары) // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Серия I. – Вып. III-IV. – Бишкек: КНУ, 2002. –С. 136-138.
2. Кыргыз-тува этномаданий байланыштары // Труды факультета истории и регионоведения. – Вып. X. – Бишкек, 2002. – С. 96-103 (О.К.Каратаев менен авторлош).
3. Нарын аймагындагы кыргыздардын этникалык курамы // «Ажыбек баатыр жана анын доору». «Казыбек казалчы жана анын адабий мурастары». Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. –Нарын: НМУ, 2003. – С. 40-48 (О.К.Каратаев менен авторлош).
4. Хакас фольклорундагы кыргыздар тууралуу маалыматтар // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Вып. III. – Бишкек: КНУ, 2003. – С. 89-90.
5. Параллели в традиционной пище кыргызов и хакасов // Поиск. Серия Гуманитарных наук. – № 2(2). – Алматы, 2006. – С. 144-147.
6. Кыргыздардын жана хакастардын материалдык маданиятындагы жалпылыктар // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Вып. V. – Бишкек: КНУ, 2006. – С. 48-51.
7. Кыргыздар жана алтайлыктар: тарыхый-маданий жалпылыктары // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Труды молодых ученых. – Вып. I. – Т.2. ЦМАНОП. – Бишкек: КНУ, 2006. – С. 70-72.
8. Историко-культурные взаимосвязи кыргызов и хакасов на примере материальной культуры // Актуальные проблемы истории Саяно-Алтая и сопредельных территорий. Научно-практическая конференция. – Абакан: Изд. ХакГУ, 2006. – С. 12-18.
9. Кыргыз-тува тарыхый-маданий байланыштары (салттуу турак-жай жана кийим-кечесинин мисалында) // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Труды молодых ученых. – Вып. I. – Т.3. ЦМАНОП. – Бишкек: КНУ, 2007. – С. 62-66.
10. Салттуу турак жайындагы кыргыздар менен Саян-Алтай түрк элдеринин тарыхый-маданий байланыштары // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Серия I. – Вып. VI. –Бишкек: КНУ, 2007. – С. 86-89.
11. Кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен тарыхый-маданий байланыштары // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Вып. VII. – Бишкек: КНУ, 2008. – С. 73-77.

## РЕЗЮМЕ

**Жалиева Бегайым Самидиновна**

**«Кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен тарыхый-маданий байланыштары (материалдык маданияттын үлгүлөрүнүн негизинде)»**

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

***Негизги сөздөр:*** Саян-Алтай, этногенез, этногенетикалык жана этномаданий байланыштар, материалдык маданият, салттуу турак-жай, салттуу кийим-кече, салттуу тамак-аш, салттуу чарба, кыргыздар, алтайлыктар, хакастар, тувалар, параллелдер.

Бул диссертациялык иште алгачкылардан болуп кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери – алтай, тува, хакас элдери менен материалдык маданиятындагы байланыштар комплекстүү изилденген. Ошондой эле, кыргыздардын аталган элдер менен чарба жүргүзүүсүндөгү, үй-бүлөлүк мамилелериндеги жалпылыктар каралган. Лексикологиялык маалыматтар, аларга тиешелүү терминологиялык параллелдер да иштин илимий жаңычылдыгын бекемдейт.

Диссертациялык иштин максаты кыргыздардын Саян-Алтай аймагындагы жашаган түрк тилдүү элдери, алардын ичинен сандык курамдары ири деп эсептелген алтай, тува жана хакас элдери менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын чагылдырган салттуу чарбасындагы, материалдык маданиятындагы жана этникалык-маданий тарыхындагы байланыштарын изилдөө болуп саналат.

Кыргыздардын Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен материалдык маданиятында бир катар жалпылыктар жана параллелдер кезигип, алар салттуу турак жайларынын аталышы, куралышы, ага байланыштуу терминологиясындагы жалпылыктар жана параллелдер; салттуу тамак-ашы, аны даярдоонун ыкмалары жана аталыштарындагы параллелдер; салттуу кийим-кечеси, анын терминологиясы, кийим бычып, тигүүдөгү сакталган салттык чен-өлчөмдөрүндөгү этногенетикалык жалпылыктар жана параллелдер көп сандуу экендиги изилденди. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында кыргыз элинин материалдык маданиятынын бир катар аспектилери саян-алтайлык башатка (генезис) ээ экендиги такталды.

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, корутунду бөлүмүнөн, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.



## РЕЗЮМЕ

**Жалиева Бегайым Самидиновна**

**«Историко-культурные связи кыргызов с тюркоязычными народами Саяно-Алтая (на примере материальной культуры)»**

Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальностям: 07.00.02. – Отечественная история, 07.00.07. – этнография, этнология и антропология

*Ключевые слова:* Саяно-Алтай, этногенез, этногенетические и этнокультурные связи, материальная культура, традиционное жилище, традиционная одежда, традиционная пища, традиционное хозяйство, кыргызы, алтайцы, хакасы, тувинцы, параллели.

В диссертационной работе впервые на комплексной основе исследованы связи в материальной культуре кыргызов и тюркоязычных народов Саяно-Алтая – алтайцев, тувинцев и хакасов. А также рассмотрены общие черты в хозяйственно-культурной деятельности, бытовых и семейных отношениях кыргызов и указанных народов. Лексикологические сведения и присущие им терминологические параллели подтверждают научную новизну работы.

Целью диссертационной работы является исследование традиционного хозяйства, связей в материальной культуре и этнокультурной истории, отражающие этногенетические и этнокультурные связи кыргызов с тюркоязычными народами Саяно-Алтая, самыми многочисленными из которых являются алтайцы, тувинцы и хакасы.

Исследованы сходство и параллели в материальной культуре кыргызов и тюркоязычных народов Саяно-Алтая, в частности, названия традиционных жилищ, построек и связанных с ними параллелей в терминологии; традиционная пища, параллели в технологии приготовления и наименованиях; традиционная одежда, её терминология, которые подтверждают этногенетические связи между кыргызами и тюркоязычными народами Саяно-Алтая. Результатом исследования стало подтверждение саяно-алтайского происхождения ряда аспектов материальной культуры кыргызского народа. Диссертационная работа состоит из введения, двух глав, заключения, библиографии и приложений.

## RESUME

Jalieva Begayim Samidinovna

**«Historical and cultural relations of Kyrgyz with Turk-speaking nations of Sayan-Altay (on the basis of material culture)»**

The dissertation for achievement of the academic degree of the historical sciences candidate on specialties: 07.00.02 – The history of Motherland, 07.00.07 – ethnography, ethnology and anthropology.

*Key words:* Sayan-Altay, ethnogenesis, ethnogenetic and ethnocultural relations, material culture, traditional dwellings, traditional clothes, traditional food, traditional economy, Kyrgyz, Altayans, Khakasses, Tuvinians, parallels.

In the dissertation for the first time there were researched the relations of the material culture of Kyrgyz and Turk-speaking nations of Sayan-Altay region - Altaians, Tuvinians and Khakasses on a complex basis. And also there were considered generalities of economic and cultural activities, domestic and family relations of Kyrgyz and mentioned nations. Lexicological information and their own distinctive terminological parallels confirm the scientific novelty of this work.

The main aim of this work is the research of traditional economy linkins in material culture and ethnocultural relations of Kyrgyz with Turk-speaking nations of Sayan-Altay region, among who the most numerous are Altaians, Tuvinians and Khakasses.

There were researched similarity and parallels in material culture of Kyrgyz and Turk-speaking nations of Sayan-Altay, particularly the names of traditonal dwellings, structures and parallels connected with them in terminology; traditional food, parallels in technology of this preparations and names; traditional clothes, its terminology, which confirms ethnogenetic links between Kyrgyz and Turk-speaking nations of Sayan-Altay. A result of the research became the evidence of sayan-altayan origin of a number of aspects of Kyrgyz nation's material culture.

The dissertation consists of introduction, two chapters, conclusion, bibliography and appendixes.


**ЖАЛИЕВА БЕГАЙЫМ САМИДИНОВНА**

**КЫРГЫЗДАРДЫН САЯН-АЛТАЙ ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕРИ МЕНЕН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ**
**(материалдык маданияттын үлгүлөрүнүн негизинде)**


Басууга берилди 10.10.08.
Форматы 60*84 1/16
Офсеттик кагаз. Көлөмү 1,7 п.л.
Нускасы 100 экз.

Басылды ЖИ Темирова А.К.
Бишкек шаары, Чубак көчөсү 30.